ДУХОВНОЕ СОБРАНИЕ
МУСУЛЬМАН РОССИИ

**«РОСМИГРАНТ»
мигранттарды толук кандуу ыңгайлаштыруу жана
алакалаштыруу борбору**

# КАРЖЫЛЫК СУРОО

**www.росмигрант.рф**
**www.rosmigrant.ru**
***Ыкчам байланыш телефону***
***8 800 550 32 03***

***Россия Федерациясындагы Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жарандары үчүн***

***Россия Федерациясынан акча каражаттарын башка өлкөгө которуу жана тескерисинче***

Чет өлкөдөгү каражаттарды башка адамга которуу үчүн, Сиз төмөнкү ыкмаларды колдонсоңуз болот:

***Банктык которуу***

Россиялык банктардын дээрлик бардыгы чет өлкөлүк эсептерге акча каражаттарын чегерүү боюнча кызмат көрсөтүшөт, андан тышкары, ири каржы компанияларынын башка өлкөлөрдө филиалдары бар. Мындай которуу үчүн комиссия суммасына жараша 0,5-5% чейин өзгөрүп турат, бирок, тагыраак маалымат алуу үчүн, каржы мекемесине баруу керек. Акча алуу убактысы көбүнчө 5 жумушчу күнгө чейин. Байланышкан Интернет-банкинг менен процедура бир топ жөнөкөйлөтүлгөн.

***Электрондук төлөм тутумдарын колдонуу***

Виртуалдык капчыктардын артыкчылыгы – каалаган жерден которуулардын жеткиликтүүлүгүндө: акчаны үйдөн чыкпай эле которсо болот. Эсебиңизде талап кылынган сумманын болушу, ошондой эле алуучунун чоо-жайын билүү жетиштүү. Төлөм тутумдарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн транзакция процедурасы 10 мүнөткө чейин созулат жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөнү камтыйт. Мындай которуу үчүн комиссия суммасына жараша 0,8–10% чегинде өзгөрүлөт жана тейлөө акысын жөнөтүүчү дагы, алуучу дагы төлөйт;

***Эл аралык акча которуу тутумдарын колдонуу***

Негизги уюмдардын тейлөө түйүндөрү дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жайгашкандыктан, котормосун алууда, адатта, эч кандай кыйынчылыктар болбойт. Акча каражаттарын жөнөтүү үчүн, алуучунун аты-жөнүн жана жашаган жерин бөлүмдүн кызматкерине билдирип, паспортту көрсөтүп, комиссия төлөшү керек. Которуу акысы 0–20% түзөт. Жөнөтүлгөндөн кийин контролдук номер берилет – ал жөнүндө акчаны алуучуга билдирүү керек. Дал ушул бир нече сандар чет өлкөлүк филиалдардын биринен акчаны алууга жардам берет. Айрым компаниялар өз кардарларына расмий сайты аркылуу чет өлкөгө акча которууну сунушташат.

***Насыя берүү***

Көпчүлүк банктар чет өлкөлүк жарандарга насыя берүүдөн баш тартышат – насыя берүүчүлөр үчүн (мисалы, банктар) бул өтө чоң тобокелдиктер. Насыя алуу үчүн чет элдик жаран банктын филиалына кайрылып, төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- жаран жогорку акы төлөнүүчү расмий жумушка ээ болушу керек. Киреше 2–НДФЛ маалымкаты менен тастыкталганы маанилүү;
- Россия Федерациясынын аймагында кыймылсыз мүлкү же унаасы болушу керек.
- жаран жеке жак катары салык төлөөчү макамына ээ болушу керек.

Күрөө менен насыялар – кыймылсыз мүлк же унаа менен камсыздалган – жактыруу мүмкүнчүлүгү жогору. Эгерде кардардын күрөөгө коюла турган мүлкү жок болсо, ага кепилдик берүүчү – Россия Федерациясынын төлөөчү жараны же юридикалык жак тартылышы мүмкүн. Россияда 180 күндөн ашык тынымсыз жүргөн чет элдик жарандар чоң ишенимге ээ экендигин белгилей кетүү керек. Насыя алуу үчүн кайрылууда, насыянын мөөнөтү Россияда катталуу мезгили менен чектелгендигин эске алуу керек. Айрым учурларда, банктар акыркы төлөмдөрдү каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин 3 ай мурун төлөөгө милдеттендирет.

***Эсеп ачуу жана банктык картаны чыгаруу***

Азыр көптөгөн банктарда эсеп ачуу же пластикалык

дебеттик картаны алуу кыйынга турбайт.

Катталуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:

• чет өлкөлүк жарандын паспорту же чет мамлекет тарабынан берилген жана эл аралык келишимге ылайык, Россия Федерациясы тарабынан инсандыгын ырастоочу документ катары таанылган башка документ;

• миграциялык картасы жана Россия Федерациясында болуу (жашоо) укугун тастыктаган документ;

• документтердин орус тилине нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу;

• салык органында катталгандыгы жөнүндө күбөлүк (эгер бар болсо);

• Россия Федерациясында жарактуу эмгек келишими жана жумушка расмий уруксат (эгер бар болсо).

Чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдын Россия Федерациясында болууга (жашоого) укугун тастыктаган документтер:

• жашап туруу укугу;

• убактылуу жашоо уруксаты;

• виза;

• башка документтер.

***Салымдар***

Чет элдик жаран депозитти (эсеп сыяктуу) каалаган банк филиалынан ача алат.

Россия Федерациясында убактылуу жүргөн чет элдик жаранга депозит ачуу үчүн талап кылынган документтер:

• чет өлкөлүк жарандын паспорту же чет мамлекет тарабынан берилген жана эл аралык келишимге ылайык, Россия Федерациясы тарабынан инсандыгын ырастоочу документ катары таанылган башка документ;

• миграциялык карта (Беларуссиянын жарандарынан жана жашап туруу укугу бар адамдардан тышкары);

• чет өлкөлүк жарандын Россия Федерациясында болуу (жашоо) укугун тастыктаган документтердин бири: убактылуу жашоого уруксат же жарактуу виза (эгер бар болсо).

Бул ар бир кадыр-барктуу чет өлкөлүктүн жанында ар дайым болушу керек болгон документтердин топтому. Мындан тышкары, процедуранын өзү ар бир орусиялык инвестор өтүшү керек болгон процедурага окшош.

Россия Федерациясында туруктуу жашаган чет өлкөлүк жаранга депозит ачуу үчүн талап кылынган документтер:

• чет өлкөлүк жарандын паспорту же чет мамлекет тарабынан берилген жана эл аралык келишимге ылайык, Россия Федерациясы тарабынан инсандыгын ырастоочу документ катары таанылган башка документ;

• Россия Федерациясынын аймагында жашап туруу укугу.

Бул жерде документтердин топтому минималдуу. Ошол эле учурда, чет элдиктердин депозиттери, Россиянын жарандарынын депозиттери менен катар, мамлекет тарабынан Россия Федерациясынын Борбордук банкынын курсу боюнча 700 миң рубль же чет өлкөлүк валютадагы эквивалентинде камсыздандырылат. Бирок, акырында чет элдиктен салык кармалат: кирешенин суммасынын 30%, башкача айтканда, келишим боюнча чегерилген пайыздар (ошондой эле Россия Федерациясында алынган башка кирешелерден).

***Акчаны орус рублине кайда алмаштырса болот?***

Банктарда алмашууну сунуштайбыз. Бул ыкманын негизги артыкчылыгы – банктардагы чендерди салыштыруу оңой. Ар кайсы банктарда валютанын нар-

кы жөнүндө маалыматтарды топтой турган сайттар бар, андыктан сатып алуунун кайсы жери бүгүнкү күндө көбүрөөк пайдалуу экендигин оңой эле аныктай аласыз. Акчаны банктан алмаштыруу коопсуздуу болот, бирок тез эмес, кезек бар.

***Каржы боюнча суроолор***

***Россия Федерациясындагы Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жарандары үчүн***

***Россия Федерациясынан / Россияга кантип акча которсо болот?***

Электрондук төлөм тутумдарын колдонуп, эл аралык акча которуу тутумдарын колдонуп, банк аркылуу которсоңуз болот.

***Банкка кандай которуу акысын төлөшүм керек?***

Комиссия которуунун суммасына кбайланыштуу жана 0,5–5% түзөт, так маалыматты түздөн-түз банктан алууга болот.

***Акча эсепке канча убакытта түшөт?***

Акча каражатты эсепке түшүү мөөнөтү, көбүнчө 5 жумушчу күнгө чейин созулат.

***Интернет-банкинг деген эмне?***

Интернет-банкинг – бул банктын бөлүмүнө барбай эле, компьютердеги же телефондогу тиркеме аркылуу каржылык операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген алыскы банк тутуму.

***Электрондук капчыкты кантип колдонсом болот?***

Электрондук капчыкты түзүү үчүн, вебсайтта же виртуалдык төлөм тутумунун тиркемесинде (мисалы, Яндекс, Деньги, Киви ж.б.) катталып, анын эсебине акча салыш керек. Андан кийин, акча которуу операцияларын жүргүзсөңүз болот, ал үчүн алуучунун реквизиттерин билүү гана керек.

***Электрондук капчык аркылуу которуу үчүн канча комиссия төлөшүм керек?***



Электрондук төлөм тутуму аркылуу которуу үчүн комиссия суммасына жараша 0,8ден 10% га чейин болот. Жыйымдардын тейлөөсү үчүн кызмат акысын жөнөтүүчү дагы, алуучу дагы төлөйт.

***Эл аралык акча которуу тутуму аркылуу которууну кантип жасоого болот?***

Сиз тейлөө түйүнүнө кайрылып, бөлүмдүн кызматкерине алуучунун аты-жөнүн, жашаган жерин билдирип, паспортуңузду көрсөтүп, комиссияны төлөшүңүз керек. Каражатты жөнөткөндөн кийин, Сизге контролдук номер берилет, бул жөнүндө акчаны алуучуга билдирүү керек.

***Эл аралык акча которуу тутуму аркылуу акча которуу үчүн канча комиссия төлөшүм керек?***

Ар кандай тутумдардагы акча которуу акысы 0 ден 20% га чейин.

***Россия Федерациясынан насыя алсам болобу?***

Насыя алуу үчүн арызды карап чыгууда, сөзсүз түрдө төмөнкүлөр керек:

- Жогорку кызмат акы төлөнүүчү жумушка орношуңуз. Киреше 2–НДФЛ маалымкаты менен ырасталышы керек;
- Россия Федерациясынын аймагында кыймылсыз мүлккө же автоунаага ээ болуу;
- Жеке адам катары салык төлөөчү макамына ээ болуу.

Күрөө менен насыялар – кыймылсыз мүлк же унаа менен камсыздалган болсо – жактыруу мүмкүнчүлүгү жогору. Эгерде Сизде күрөөгө коюла турган мүлк болбосо, анда кепилдик берүүчү адамды – Россия Федерациясынын төлөөчү жараны же юридикалык жакты тарта аласыз.

***Мага канча убакытка чейин насыя берсе болот?***

Насыялоо мөөнөтү Россияда катталуу мезгили менен чектелет. Айрым учурларда, банктар акыркы төлөмдөрдү каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин 3 ай мурун төлөөгө милдеттендирет.

***Кантип банк эсебин ачып, банк картасын алсам болот?***

Бул үчүн Сизге төмөнкү документтер керек:

• Паспорт же башка инсандыгын далилдеген документ;

• Миграциялык карта жана Россияда болуу / жашоо укугун тастыктаган документ (Жашап туруу укугу, Убактылуу жашоого уруксат, виза);

• Бардык документтердин орус тилине нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу;

• Салык органында катталгандыгы жөнүндө күбөлүк (эгер бар болсо);

• Россия Федерациясында жарактуу эмгек келишими жана жумушка расмий уруксат (эгер бар болсо).

***Кантип банкта депозит ачсам болот?***

***Сиз Россия Федерациясында убактылуу же туруктуу жашайсызбы?***

***Убактылуу.***

Сиз банктын каалаган бөлүмүнө кайрылып, төмөнкү документтерди көрсөтсөңүз болот:

• Паспорт же башка инсандыгын ырастоочу документ;

• Миграциялык карта (эгерде жашап туруу укукуг жок болсо);

• Россия Федерациясында болуу / жашоо укугуңузду тастыктаган документ; убактылуу жашоого уруксат же виза (эгер бар болсо).

***Туруктуу.***

Банктын каалаган бөлүмүнө кайрылып, төмөнкү документтерди көрсөтсөңүз болот:

• Паспорт же башка инсандыгын ырастоочу документ;

• Россия Федерациясынын аймагында жашап туруу укугу.

***Депозитке салык төлөшүм керекпи?***

Келишим боюнча чегерилген пайыздардан 30% салык кармалат.



***Акчаны орус рублине кантип алмаштырсам болот?***

Эң коопсуз жана ишенимдүү жолу – банктардагы акчаны алмаштыруу. Ар кандай банктардагы алмашуу курстарын адистештирилген сайттарда салыштырууга болот, мисалы, banki.ru, sravni.ru жана башкалар.

***Чет элдик жеке ишкердикти ача алабы***

***Мен башка мамлекеттин жаранымын. Россияда жеке ишкер (мындан ары ЖИ) боло аламбы?***

Сиз:

• Иш-аракетке жөндөмдүү (аракетке жөндөмдүүлүгү – 18 жаштан, 16 жаштан – никеге же эмгек келишими боюнча иштегенде) же чектелген иш-аракетке жөндөмдүү;

• Сиз Россияда туруктуу жашайсызбы (убактылуу жашоо уруксаты же жашап туруу укугу барбы)?

***Ооба.***

Россия Федерациясынын аймагында ишкердик жүргүзсөңүз болот.

Иш-аракет жөндөмдүүлүгү чектелген адамдар үчүн камкорчунун макулдугу талап кылынат.

***Жок.***

Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык, бул шарттар чет өлкөлүк жарандар тарабынан ишкердик ишин жүзөгө ашыруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

***Жеке ишкердик ачуу үчүн кандай документтер керек?***

Жеке ишкерди каттоо үчүн Федералдык салык кызматынын (ФСК) бөлүмүнө же МФЦге төмөнкү документтердин түп нускаларын жана көчүрмөлөрүн тапшыруу керек:

• Каттоо арызы;

• Өздүгүн тастыктаган документ;

• Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (эгерде туулган жери жана датасы жөнүндө маалыматтар инсандык күбөлүктө жок болсо);

• Жашап туруу укугу (мындан ары ЖТУ) же Убактылуу жашоого уруксат (УЖУ);

• Россия Федерациясынын субъектинин аймагында жашаган жеринин дарегин тастыктаган документ;

• Соттуулугу жоктугу жөнүндө маалымкат (18 жашка чейинки адамдар менен иштөө үчүн);

• Салык режимин тандоо жөнүндө арыз;

• Алымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция (800 руб.);

• Тариздөөнү башка адам жасаса, ага ишеним кат.

Документтерди Мамлекеттик кызматтар порталы аркылуу электрондук түрдө берүүгө болот. Бул учурда мамлекеттик алым төлөнбөйт, бирок арызга күчөтүлгөн электрондук кол тамга коюлат жана нотариустун же МФЦнын жардамы менен Мамлекеттик кызматтын сайты аркылуу берилет.

***Арызды кантип туура толтурса болот?***

Арызды толтуруу боюнча талаптар төмөнкүчө:

• Арыздын бардык барактарын басып чыгаруу керек, эки жагына тең мөөр басууга тыюу салынат, бош барак тиркелбейт;

• Кара калем менен баш тамгалар менен, бир уяча – бир тамга менен жазуу керек;

• Тиркемени Microsoft Word менен толтурууда, сиз Courier New шрифтин, көлөмү 18ди колдонушуңуз керек;

• Жазылганды оңдоо мүмкүн эмес;

• Сөздөрдү орус тилинин эрежелерине ылайык ташууга жана кыскартууга болот, датанын форматын да сактоо зарыл;

• Баракчаларды номерлөө керек.

***Жеке ишкерди каттоо үчүн канча убакыт талап кылынат?***

Сизди салык кызматына документтер тапшырылган күндөн тартып, үч жумушчу күндүн ичинде каттоодон өткөрүшү керек.



***Жеке ишкерди каттоонун баасы канча турат?***

Баасы бир нече факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Алымдын суммасы 800 рубль (арызды электрондук түрдө бергенде төлөнбөйт). Милдеттүү нотариус жана котормочу кызматтары, ошондой эле юридикалык колдоо өзүнчө төлөнөт.

***Салык режимин тандай аламбы?***

Ооба, Сиз үчүн ыңгайлуу болгон салык режимин тандап, каттоо арызы (же берилген күндөн тартып 30 күндөн кечиктирбестен) менен кошо тандоо арызын тапшыра аласыз. Булар болушу мүмкүн:

• Жөнөкөйлөтүлгөн салык салуу тутуму (ЖСТ, азыраак салыкты төлөөнү камтыйт, ставкалар ар кайсы аймактарда ар башка);

• Чектелген киреше боюнча бирдиктүү салык (ЧКБС, бардык эле аймактарда ишке ашырыла бербейт);

• Патент тутум

• Бирдиктүү айыл чарба салыгы (БАЧС, айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн гана).

***Эгерде мен салык режимин тандоого арыз тапшырууга жетишпей калсам эмне болот?***

Бул учурда, салык кызматы Сиздин жеке ишкердигиңизге автоматтык түрдө жалпы салык төлөө режимин колдонот жана Сиз НДС жана НДФЛ төлөөгө аргасыз болосуз.

***Мага жеке ишкерликке катталуудан баш тартылышы мүмкүнбү?***

Төмөнкү себептерден улам баш тарта алышат:

• Бардык талап кылынган документтер берилген эмес;

• Документтер компетентсиз каттоо органына жөнөтүлгөн;

• Документтерди нотариалдык күбөлөндүрүү жок;

• 12 айга жетпеген убакыт мурун банкротко учурадыңыз;

• Сот тарабынан Сизге ишкердик ишин жүргүзүүгө тыюу салган мөөнөт аяктай элек;

• 18 жашка чейинки адамдарга билим берүү, тарбиялоо, эс алууну уюштуруу менен байланышкан жеке ишкерликти мурда оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгон адам ачып жатса;

• Жеке ишкерликке тыюу салынган иштин түрү тандалды (аскер техникасын, дары-дармектерди өндүрүү ж.б.);

• УЖУнын же ЖТУнун колдонуу мөөнөтү аяктады.

Себептерин негиздөө менен баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү чечим документтер берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде чыгарылат.

***Кантип чет элдик батир / үй сатып алат?***

***Мен башка мамлекеттин жаранымын. Россия Федерациясынын аймагынан батир / үй сатып алсам болобу?***

Мыйзамдар чет өлкөлүк жарандарга Россиядан кыймылсыз мүлк сатып алууга уруксат берет, төмөнкү өзгөчө абалдардан тышкары:

• Россия Федерациясынын чек ара аймактары;

• жабык административдик-аймактык түзүлүштөр.

Өлкөдө калуу укугун тастыктаган документ болушу керек (виза, миграция картасы, убактылуу жашоо уруксаты, жашап туруу укугу).

***Батир / үй сатып алуу үчүн, Жашап туруу укугу (мындан ары ЖТУ) кагазым болушу керекпи?***

Жок, бул милдеттүү эмес шарт. ЖТУ Сиздин өлкөдө туруктуу жашоого укугуңузду тастыктайт, бирок кыймылсыз мүлктү туруктуу жашоо үчүн эмес, мисалы, мезгилдүү жашоо үчүн сатып алууга болот.

***Россия Федерациясынан батир / үй сатып алуу үчүн жарандыгымдан баш тартышым керекпи?***

Жок, Россия Федерациясынын мыйзамдарында мындай талап жок.

***Бүтүмдү тариздөө үчүн кандай документтер керек?***

Бүтүмдү жасоо үчүн Сизге керек болот:

• улуттук паспорт жана анын көчүрмөсү, нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу менен;

• Россиянын аймагында болуунун мыйзамдуулугун тастыктаган документтер (виза, миграция картасы, убактылуу жашоо уруксат, жашап туруу укугу).

Эгерде бүтүм нотариалдык күбөлөндүрүүнү же мамлекеттик каттоону талап кылса, анда жубайыңыздын нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн макулдугун беришиңиз керек болот. Эгерде ал чет өлкөдө болсо, анда башка тараптын макулдугун каалаган нотариус менен жазып тариздеп, бул документке апостиль коюуга, ошондой эле орус тилине которууга туура келет.

***Сиз орус тилин жакшы билесизби?***

***Ооба.***

Бардык документтер орус тилинде даярдалган. Келишимге кол коюудан мурун документтерди жакшылап окуп чыгыңыз.

***Жок.***

Сиздин мүмкүнчүлүгүңүз бар:

• Документтерди даярдоо үчүн котормочуну тартуу;

• Сизге жардам бере турган нотариуска кайрылып, котормочу жана эки тилде нотариалдык күбөлөндүрүлгөн келишим түзүүгө жардам алуу;

• Ишенимдүү адам аркылуу бүтүмдү ишке ашыруу.

***Батир / үй сатып алгандан кийин жашап туруу укугун / жарандык ала аламбы?***

Жалпы негизде гана. Кыймылсыз мүлк сатып алуу бул маселеде артыкчылык бербейт.

***Россиянын жарандарына караганда батир / үй сатып алуу мен үчүн кымбатыраак болобу?***

Жок, Россия Федерациясынын мыйзамдарында Сиз

үчүн чет өлкөлүк жаран катары кошумча төлөмдөр жана акылар каралган эмес. Баасын котормочунун кызматына акы төлөө, документтердин орус тилине котормосун нотариалдык күбөлөндүрүү жана башка шарттарда гана көбөйтүүгө болот.

***Кантип чет элдик жаран унаа сатып алат?***

***Мен башка мамлекеттин жаранымын. Россия Федерациясында өзүмө автоунааны каттай аламбы?***

Сизде барбы:

• Жумуш патенти;

• Убактылуу жашоого уруксат (мындан ары УЖУ) же Жашап туруу укугу (мындан ары ЖТУ);

Же

• Сиз эмгек келишими боюнча иштеген Армениянын, Беларуссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын жарандарынысызбы?

***Ооба.***

Ооба, Сиз Россия Федерациясында унаа каражатты каттоого укуктуусуз.

***Жок.***

Россия Федерациясынын аймагында унаа каражатты каттоодон өткөрүү үчүн, ушул шарттардын бирин аткарууга туура келет.

***Унааны каттатуу / каттоо / каттоодон өткөрүү/ мени ээси катары тариздөө үчүн кайда барыш керек?***

Сиз жашаган жана катталган шаардагы же райондогу облустук же райондук МАИ бөлүмүнө кайрылышыңыз керек.

Төмөнкү документтерди көрсөтүшүңүз керек:

• Унааны каттоого / кайра каттоого арыз (үлгү МАИ бөлүмүндө берилет);

• бул унаа үчүн техникалык паспорт;

• сатуу-сатып алуу жөнүндө келишим;



• унаа каражатын сатып алуучуга өткөрүп берүү актысы боюнча комиссиялык келишим

• өздүгүн тастыктаган документ (жарандык паспортуңуз);

• камсыздандыруу полиси (ОСАГО);

• миграциялык карта;

• патент / УЖУ / ЖТУ.

***Сатып алгандан кийин канча күндөн кийин унааны тариздеп алышым керек?***

Бул унаа сатып алуу-сатуу келишимине кол коюлгандан кийин 10 күндөн кечиктирилбестен жасалышы керек.

***Унаамдын документтерин качан алам?***

Берилген документтердин тизмесин жана унаанын өзүн текшергенден кийин, унааңызга жаңы документтерди аласыз. Эгерде унаа уурдалбаса, күрөөгө коюлбаса, кузовунун жана кыймылдаткычынын номурлары каттоо күбөлүгүнө туура келсе жана башка маалыматтар дал келсе, анда жакынкы аралыкта Сиз автоунаанын каттоосун тастыктаган документтерди жана унаага жаңы номурларды аласыз.

# ПАЙДАЛУУ МААЛЫМАТ

## *Миграция мыйзамын бузгандыгы үчүн административдик жоопкерчилик*

Чет өлкөлүк жарандарды жумушка тартууда жумуш берүүчү (кызмат көрсөтүүчү) же тапшырыкчы тарабынан Россия Федерациясынын миграциялык мыйзамдарын сактоого милдеттүү талаптар таблицада келтирилген, анда чет өлкөлүк жарандарды жумушка тартууга байланыштуу административдик укук бузуулардын түрлөрү жана ушул мыйзам бузуулар болгон учурларда, колдонулган жаза чаралары келтирилген.

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Россияда чет өлкөлүктөрдүн келүү, жашоо, бир жерден экинчи жерге көчүү, же жашаган жерин өзгөртүү жана андан чыгып кетүү укугуна документтерди тариздөө | Кызматтагы адам | Жазапул от 40 миңден 50 миң. руб. | 18.9-беренесинин 1-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузууларкодексинин 18.1-беренесине |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 500 миң. руб. | |
| | Жеке ишкер | | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Чет элдиктердин Россияда жүргүзгөн иш-аракеттерине жараша алардын өлкөгө кирүү же шайкеш келүү мөөнөтү аяктагандан кийин өз убагында кетүү максаттарына (16.01.2019) ылайык, чакырылган тараптын чет элдиктердин Россияда болуу (жашап туруу) | Жаран | Жазапул 2 миңден 4 миң руб. | РФнын Административдик кодексинин 18.9-беренесинин 2-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 45 миңден 50 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 500 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |
| Миграциялык каттоону жүзөгө ашырууга байланыштуу милдеттенмелерди аткарбоо, эгерде бул аракеттерде кылмыш ишинин белгилери болбосо | Жаран | Жазапул 2 миңден 4 миң руб. | 18.9-беренесинин 4-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 40 миңден 50 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 500 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |

| Бузуулар | Жоопкерчиликке тартылган адам | Жоопкерчилик чаралары | Ченем |
| --- | --- | --- | --- |
| Чакырылган чет өлкөлүк адамга анын Россияда жүргөн мезгилинде материалдык, медициналык жана турак жай менен камсыз кылуу боюнча чараларды көрбөө | Кызматтагы адам | Жазапул 40 миңден 50 миң руб. | 18.9-беренесинин 5-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 500 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |
| Россия Федерациясына кирүү үчүн документтерди даярдоодо чет өлкөлүк жарандын Россияда болушунун максаты жөнүндө атайылап жалган маалыматтарды берүү | Кызматтагы адам | Жазапул 45 миңден 50 миң  руб. | 18.9-беренесинин 6-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 500 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |



| Бузуулар | Жоопкерчиликке тартылган адам | Жоопкерчилик чаралары | Ченем |
| --- | --- | --- | --- |
| Чет өлкөлүктү Россияда эмгек ишмердүүлүгүнө уруксат, патент жок болгон учурда тартуу, эгерде алар федералдык мыйзамга ылайык талап кылынса, же Россияда эмгек ишмердигине чет өлкөлүктү кесиби (адистиги, кызматы, эмгек ишмердигинин түрү) боюнча тартуу, эгерде эмгек ишмердүүлүгүнө уруксатта жана патентте көрсөтүлбүсө, же чет өлкөлүктү РФнын субъектисинен тышкары, тагыраак айтканда, иштөөгө уруксат, патент же убактылуу жашоого уруксат берилген аймактан тышкары, иштөөгө кызыктырса | Жаран | Жазапул 2 миңден 5 миң руб. | 18.15-беренесинин 1-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 25 миңден 50 миңруб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 250 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн административдик түрдө 14 күндөн 90 күнгө чейин токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |

| Бузуулар | Жоопкерчиликке тартылган адам | Жоопкерчилик чаралары | Ченем |
|---|---|---|---|
| Россияда чет өлкөлүк жумушчуларды тартуу жана пайдалануу үчүн уруксаты жок иштөөгө чет өлкөлүк жаранды жалдоо, эгерде мындай уруксат федералдык мыйзамга ылайык талап кылынса | Жаран | Жазапул 2 миңден 5 тыс. руб. | 18.15-беренесинин 2-бөлүгү, РФ нын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 25 миңден 50 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 250 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |



| Бузуулар | Жоопкерчиликке тартылган адам | Жоопкерчилик чаралары | Ченем |
|---|---|---|---|
| Миграция жаатында федералдык мамлекеттик көзөмөлдөөнү (көзөмөл) жүзөгө ашырган федералдык аткаруу бийлигинин аймактык органына чет өлкөлүк жаран менен жумуш (кызмат көрсөтүү) боюнча келишимин же жарандык-укуктук келишимин түзүү же токтотуу (жокко чыгаруу) жөнүндө билдирүүнүн жол-жобосу же формасы бузулгандыгы тууралуу үч жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө билдирбөө, эгерде мындай билдирүү федералдык мыйзамга ылайык зарыл болсо | Жаран | Жазапул 2 миңден 5 миң руб. | 18.15-беренесинин 3-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 50 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө административдик токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Россия Федерациясынын Административдик Укук бузуулар Кодексинин 18.15-беренесинин 1 - 3-бөлүктөрүндө каралган Москва, Санкт-Петербург, Москва же Ленинград облустарында жасалган бузуулар | Жаран | Жазапул 5 миңден 7 миң руб. | 18.15-беренесинин 4-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 70 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 1 млн руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |



| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Миграция жаатында федералдык мамлекеттик контролду (көзөмөлдөөнү) жүзөгө ашыруучу федералдык аткаруу органынын же анын ыйгарым укуктуу аймактык органынын (көрсөтүлгөн федералдык орган тарабынан белгиленген тизмеге ылайык) чет өлкөлүк жогорку кесипкөй адиске эмгек акы (сыйакы) төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруу жөнүндө билдирбөө же билдирүүнүн тартиби жана (же) формасы бузулгандыгы, эгерде мындай билдирүү же мындай маалыматты берүү федералдык мыйзамда каралса | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 70 миң руб. | 18.15-беренесинин 5-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүүКоАП РФ |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 400 миңден 1 млн руб. | |
| | Жеке ишкер | | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Соода жайларында (анын ичинде соода борборлорунда) иштөөгө чет өлкөлүктөрдү тартуу эрежелерин бузуу:<br>- соода ишкердигин (анын ичинде соода борборун) башкарган жеке ишкердин же уюмдун (анын филиалынын, өкүлчүлүгүнүн) же көрсөтүлгөн уюмдун (анын филиалынын, өкүлчүлүгүнүн) кызмат адамынын, же башка уюмдун, же анын көрсөтмөсүндө соода объектисинин аймагында (соода комплексин кошо алганда), өндүрүш, кампа, соода, кеңсе, коммуналдык кызмат же башка жайлардын аймагында мыйзамсыз ишке тартылган чет элдик адамга иштөөгө жол берүү;<br>- мындай ишмердүүлүктү мыйзамсыз жүзөгө ашырган чет өлкөлүк жаранга, аны жүзөгө ашырууга уруксат берүү же аны жүзөгө ашыруунун башка түрүндө уруксат берүү | Кызматтагы адам | Жазапул 45 миңден 50 миң руб. | РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.16-беренесинин 1-бөлүгү |
| | Жеке ишкер | Жазапул 350 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Юридикалык адам | Жазапул 450 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |



| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Соода жайын башкарган жеке ишкер, уюм (анын филиалы, өкүлчүлүгү) соода жайын башкарган адам тарабынан (анын ичинде соода борбору), же көрсөтүлгөн уюмдун (анан филиалы, өкүлчүлүгү) кызмат адамы тарабынан соода уюмунун аймагындагы соода жайында (анын ичинде соода комплексинде), өндүрүш, кампа, соода, кеңсе, коммуналдык же башка жайларында соода орунун чет өлкөлүк жумушчуларды тартууга жана пайдаланууга укугу жок, бирок алардын эмгегин пайдалып, же иштөөгө уруксаты, же патенти жок чет өлкөлүктөрдү пайдаланган башка уюмга, же жеке ишкерге берүү, эгерде мындай уруксат же патент | Кызматтагы адам | Жазапул 45 миңден 50 миң руб. | РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.16-беренесинин 2-бөлүгү |
| | Жеке ишкер | Жазапул 350 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Юридикалык тарап | Жазапул450 миңден 800 миң руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Россия Федерациясынын Административдик укук бузуулар Кодексинин 18.16-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүндө каралган Москва, Санкт-Петербург, Москва же Ленинград облустарында жасалган бузуулар | Кызматтагы адам | Жазапул 45 минден 70 миң руб. | 18.16-беренесинин 3-бөлүгү, ст. РФнын Административдик укук бузуу кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 450 миңден 1 млн руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |
| Жумуш берүүчүнүн же тапшырыкчынын чет өлкөлүк жарандар тарабынан жумуштун (кызмат көрсөтүүлөрдү) айрым түрлөрүн жүзөгө ашыруу боюнча федералдык мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү сактабоосу | Жаран | Жазапул 2 минден 4 миң руб. | 18.17-беренесинин 1-бөлүгү , РФнын Административдик укук бузуулар кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 45 минден 50 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | Штраф от 800 тыс. до 1 млн руб. же ишмердүүлүгүн 14 күндөн 90 күнгө чейин административдик токтотуу | |
| | Жеке ишкер | | |



| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Билим берүү уюму тарабынан миграция жаатында мамлекеттик текшерүүнү (көзөмөлдөөнү) жүзөгө ашыруучу федералдык аткаруу органынын аймактык органына чет өлкөлүк жарангa академиялык өргүүнүн берилүүсү, окуусун аяктоосу же токтотушу, чет өлкөлүк жарандын билим берүү уюмунан уруксатсыз кетиши тууралуу билдирүү тартиби жөнүндө билдирбөө же бузуу, эгерде мындай билдирүү федералдык мыйзамга ылайык талап кылынса | Кызматтагы адам | Жазапул 35 минден 50 миң руб. | 18.19-беренесинин 1-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуу кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 500 минден 800 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Билим берүү уюму тарабынан билим берүү жаатындагы Россия Федерациясынын субъектисинин аткаруу бийлигине чет өлкөлүк жарандын билим берүү уюмуна келгендиги, ага академиялык өргүү берилгендиги, окууну аяктагандыгы же токтоткону, билим берүү жайынан чет өлкөлүктүн уруксатсыз кетиши жөнүндө билдирүү жол-жобосун билдирбегендиги же бузгандыгы, эгерде мындай билдирүү федералдык мыйзамга ылайык талап кылынса | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 50 миң руб. | 18.19-беренесинин 2-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуу кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 500 миңден 800 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |

| *Бузуулар* | *Жоопкерчиликке тартылган адам* | *Жоопкерчилик чаралары* | *Ченем* |
|---|---|---|---|
| Билим берүү уюму тарабынан Россиянын Федералдык Коопсуздук Кызматынын аймактык органына чет өлкөлүктүн билим берүү уюмунан уруксатсыз чыгып кеткендиги жөнүндө билдирүү жол-жобосу жөнүндө билдирбөө же бузуу, эгерде мындай билдирүү федералдык мыйзамга ылайык | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 50 миң руб. | 18.19-беренесинин 3-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуу кодексинин 18.1-беренесине эскертүү |
| | Юридикалык тарап | Жазапул 500 миңден 800 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | | |
| Миграциялык каттоонун жүрүшүндө чет элдик жөнүндө атайылап жалган маалыматтарды же жалган документтерди берүү, эгерде бул аракеттерде кылмыш ишинин белгилери болбосо | Жаран | Жазапул 2 миңден 5 миң руб. | 19.27-беренесинин 2-бөлүгү, РФнын Административдик укук бузуу кодексинин 2.4-беренесине эскертүү |
| | Кызматтагы адам | Жазапул 35 миңден 50 миң руб. | |
| | Жеке ишкер | Жазапул 350 миңден 800 миң руб. | |
| | Юридикалык тарап | | |

***Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин миграция маселелери боюнча Башкы башкармалыгы:***
Сайт: гувм.мвд.рф
Телефон: +7 495 667-02-99

***Мамлекеттик эмгек инспекциясы:***
Сайт: rostrud.gov.ru/inspections/
Тел: 8 800 707 88 41

***Федералдык салык кызматы***
Сайт: nalog.ru
Телефон: 8 800 222 22 22

***Москва билим берүү сапаты борбору:***
Сайт: mcko.ru
Телефон: +7 495 952-09-05

***Москва улуттар үйү:***
Сайт: mdn.ru
Телефон: +7 495 625-90-18

***Россиянын Ички иштер министрлигинин Жеке коопсуздугунун Башкы башкармалыгы:***
Москва ш., Садовая Спасская көчөсү, 1/2
Телефон: +7 495 667-07-30

***Россия Федерациясынын Башкы прокуратурасы:***
Сайт: genproc.gov.ru
Москва ш., Большая Дмитровка көч., 15а
Тел.: +7 495 987-56-56

***Федералдык Коопсуздук Кызматы:***
Москва ш., Большая Лубянка көчөсү,1-үй
Сайт: fsb.ru



***Россия Федерациясынын Тергөө комитети:***
Сайт: sledcom.ru
Москва ш., 1-я Фрунзенская көч., 3а
Ишеним телефон: 8 800 100 12 60
Кабыл алуу бөлүмүнүн телефону: 8 (495) 986-77-10

Эгерде Сизде жасалган же күтүлүп жаткан террордук актылар жөнүндө маалымат болсо, анда Россиянын ФСБсына телефон аркылуу байланышыңыз:
8 495 224 22 22
8 800 224 22 22

## *Москвадагы негизги темир жол бекеттеринин тизмеси*

***БЕЛОРУСЬ БЕКЕТИ***
Дареги: Тверская застава аянты, 7
(метро «Белорусская»)
Сайт: belorussky.dzvr.ru
Телефон: 8 800 775 00 00, +7 499 623-85-57

***КИЕВ БЕКЕТИ***
Дареги: Киев бекети аянты, 1
(метро «Киевская»)
Сайт: kievsky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 499 623-63-39,
+7 499 623-65-62, +7 499 623-62-06

***ЛЕНИНГРАД БЕКЕТИ***
Дареги: Комсомольская площадь, 3
(метро «Комсомольская»)
Сайт: leningradsky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 495 262-91-43,
+7 495 262-91-43, +7 495 262-98-76

### ЯРОСЛАВЛЬ БЕКЕТИ

Дареги: Комсомольская площадь, 5
(метро «Комсомольская»)
Сайт: yaroslavsky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 495 921-59-14,
+7 495 266-05-23

### ПАВЕЛЕЦКИЙ БЕКЕТИ

Дареги: Павелецкая площадь, 1а
(метро Павелецкая)
Сайт: paveletsky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 499 235-12-14,
+7 499 235-91-05

### КАЗАНЬ БЕКЕТИ

Дареги: Комсомольская площадь, 2
(метро «Комсомольская»)
Сайт: kazansky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 499 266-31-81,
+7 499 266-23-00, +7 499 264-65-56

### КУРСК БЕКЕТИ

Дареги: Земляной Вал көч., 29 (метро «Курская»)
Сайт: kursky.dzvr.ru
Телефондор: 8 800 775 00 00, +7 499 266-54-70,
+7 499 266-52-43

## Россия темир жолунун ишеним телефону:

8 800 775 00 00

Шаардык поезддердин маршруттарын rzd.ru сайтынан табууга болот



## Москва шаарындагы автобекеттердин жана автобекеттердин ишеним телефону:

+7 (499) 940-08-43

## Москва аэропортторунун байланыштары

### ВНУКОВО АЭРОПОРТУ

Телефон: +7 (495) 937-55-55
Дареги: Москва ш., 1-я Рейсовая көчөсү, 12
Сайт: vnukovo.ru

### ДОМОДЕДОВО АЭРОПОРТУ

Телефон: +7 (495) 933-66-66
Даргеи: Москва обл., г.о. Домодедово, а/п Домодедово
Сайт: dme.ru

### ШЕРЕМЕТЬЕВО АЭРОПОРТУ

Телефондор: +7 (495) 578-65-65, +7 (925) 100-65-65
Адрес: Московская обл., г.о. Химки, а/п Шереметьево
Сайт: svo.aero

## Россия Федерациясындагы КМШ республикаларынын Элчиликтеринин жана Консулдуктарынын тизмеси

### Азербайжан Республикасынын РФ Элчилиги:

Элчиликтин дареги: Москва ш., Леонтьевский пер., 16
Телефондор: +7 495 629-16-49, +7 495 629-43-32
E-mail: moscow@mission.mfa.gov.az,
embassy@azembassy.msk.ru, consulate@azembassy.msk.ru
Сайт: moscow.mfa.gov.az

### *Армения Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Армянский пер., 2
Телефондор: +7 495 624-12-69, +7 495 624-32-43
E-mail: incom@armem.ru
Сайт: russia.mfa.am/ru, armconsul.ru

### *Беларусь Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Маросейка көч., 17/6, 4-курулуш
Телефондор: +7 495 624-70-95, +7 495 777-66-44
E-mail: consular@ embassybel.ru, mail@embassybel.ru
Сайт: embassybel.ru

### *Казакстан Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Чистопрудный бульвары, 3а
Телефондор: +7 495 627-18-09, +7 495 627-18-12,
+7 495 627-18-11, +7 495 627-17-06
E-mail: moscow@mfa.kz, consul@kazembassy.ru,
consul.moscow@mfa.kz
Сайт: kazembassy.ru

### *Кыргыз Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Большая Ордынка көч., 62, 2-курулуш
Телефондор: +7 499 237-48-82 , +7 495 237-46-01,
+7 499 238-33-04, + 7 (499) 230-11-17
E-mail: info@kyrgyzembassy.ru , kgembassy.ru@mfa.gov.kg
Сайт: mfa.gov.kg/ru/dm

### *Молдова Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Кузнецкий Мост, 18
Телефондор: +7 495 790-75-46, +7 495 624-53-53
E-mail: moscova@mfa.gov.md , consul.moscova@mfa.md
Сайт: rusia.mfa.md



### *Тажикстан Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Гранатный пер., 13
Консулдуктун дареги: Москва ш., Скатертный переулок, 19
Телефондор: +7 495 690-38-46, +7 495 690-41-86,
+7 495 690-57-36, +7 495 690-02-70
E-mail: consulate@tajembassy.ru, tajembmoscow@mfa.tj
Сайт: tajembassy.ru

### *Түркмөнстандын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Филипповский переулок, 22
Консулдуктун дареги: Москва ш., Малый Афанасьевский пер., 14/34, кур.1
Телефондор: +7 495 690-32-02, +7 495 690-32-58,
+7 495 690-32-02, +7 495 690-32-58
E-mail: consul@turkmenembassy.ru ,
office@turkmenembassy.ru
Сайт: russia.tmembassy.gov.tm/ru/contacts

### *Өзбекстан Республикасынын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Погорельский пер., 12-үй, 1-к
Консулдуктун дареги: Москва ш., 2-й Казачий переулок, 2
Телефондор: +7 499 230-00-76, +7 499 238-36-20
E-mail: uzkorus@mail.ru, info@uzembassy.ru
Сайт: uzembassy.ru

### *Украинанын РФ Элчилиги:*

Элчиликтин дареги: Москва ш., Леонтьевский пер.,18
Телефондор: +7 495 629-97-42, +7 495 629-19-88,
+7 495 629-72-97, +7 495 629-35-42
E-mail: gc_ru@mfa.gov.ua, gc_ru@list.ru, emb_ru@mfa.gov.ua
Сайт: russia.mfa.gov.ua/ru

## *Шашылыш кызматтарынын телефондорунун тизмеси:*

***911*** — туристтин өмүрүнө, ден-соолугуна же мүлкүнө коркунуч келтирген ар кандай кырдаал үчүн универсалдуу телефон

***+7 (495) 937-99-11*** — Москва куткаруу кызматы – өзгөчө кырдаалдар учурунда

Сиз каалаган уюлдук оператордун SIM-картасынан шашылыш жардам кызматтарына чала турган номерлерди унутпашыңыз керек:

***101*** — Өрт өчүрүү кызматы – өрттүн же күйүүнүн белгилери табылганда

***102*** — Милиция – укук бузуулар учурларында

***103*** — Тез жардам – шашылыш түрдө доктурга жардамга кайрылыңыз

***104*** — Газ кызматы – эгерде Сиз газ жытын сезип калсаңыз

***109*** — Маалымдама – маалымат алуу же тактоо үчүн

***112*** — Мобилдик телефондон куткаруу кызматтарын чакыруу (диспетчер орус жана англис тилдеринде сүйлөйт)



## *Кошумча маалымат үчүн*

Кошумча маалымат үчүн

**www.росмигрант.рф**
**www.rosmigrant.ru**
***Ыкчам байланыш телефону***
## ***8 800 550 32 03***

*8 926 121 39 56*

*Росмигранттан WhatsApp чатына өтүү:*

*Ислам маданият, илим жана билим берүүнү колдоо Фонду тарабынан колдоого алынган*